**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

12-январь 2024-ж. № 12                                        Бишкек ш.

## Энергетикалык компаниялар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрыдагы №192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 661 токтому менен бекитилген «Электр станциялары» жана «Кыргызстан улуттук электр тармактары» ачык акционердик коомдорунун финансылык жактан чыңдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 6-октябрындагы № 01-13/199 «Электр энергиясына тарифтерди аныктоонун методикасын бекитүү жөнүндө» буйругуна, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 237 «Акырку керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык жана отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 12-январындагы № 06/05 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам**:

1. Энергетикалык компаниялардын тарифтерин эсептөө үчүн колдонулган 2024-жылга карата пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү ушул буйруктун 1, 2 жана 3 тиркемелерине ылайык бекитилсин.

2. 2024-жылдын 1-январынан тартып «Электр станциялары» ААК үчүн «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААК тарабынан берилген электр энергиясына тарифтер төмөнкүдөй белгиленсин:

- «Электр станциялары» ААК ГЭСтеринин шинасынан 1 кВтс үчүн 51,13 тыйын өлчөмүндө (салыктарды эсепке албаганда);

- «Электр станциялары» ААКтын филиалы Бишкек ш. ТЭЦ шинасынан 1 кВтс үчүн 367,0 тыйын өлчөмүндө (салыктарды эсепке албаганда);

3. 2024-жылдын 1-январынан тартып «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын тармактары боюнча баардык керектөөчүлөр үчүн электр энергиясын берүүгө тариф 1 кВт саат үчүн 38,0 тыйын өлчөмүндө белгиленсин (салыктарды эсепке албаганда).

4. Энергетикалык компаниялар:

- акыркы керектөөчүлөргө электр энергиясын берүүдө Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 237 «Акырку керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу менен белгиленген тарифтерди колдонушсун;

- ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү бекем сакташсын;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке белгиленген тартипте иш жүзүндөгү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр боюнча отчетторду өз убагында беришсин.

5. Электр энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн берилген техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн, негиздемелер жана чечмелөөлөрдүн толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик энергетикалык компаниялардын башкы директорлоруна жүктөлсүн.

6. 2024-жылдын 1-январынан тартып Департаменттин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 80 «Энергетикалык компаниялар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту энергетикалык компаниялардын даректерине жөнөтсүн.

8. Маалымат-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**